А.Закиров атындагы орто мектеби

# Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин иш мерчеми

УБ-нын жет: Молдалиева О.К

# Усулдук бирикменин көйгөйү

“ Окуучуларга терең билим берүү, чынчылдыкка, адептүүлүккө, бири бирине жардамдашууга, табиялоо. Ата мекенин сүйүүгө жана коргоого үндөө.”

## Башталгыч класстардын сабактарынын усулдук бирикмесинин өркүндөтүү боюнча милдеттери.

1.Башталгыч класстарынын сабактарын окутуунун теориялык деңээлин жогорулатуу.

2.Окутуу-тарбиялоо процессин өркүндөтүү,окуучулардын билимин баалоону жана программалык материалдарды өздөштүрүү.

3.Окутуунун тарбиялык ролун жогорулатуу.Окутуу процессинде кесипке,эмгекке,адептүүлүккө жана элдик педагогиканын негизинде тарбиялоо.

4.Окуучулардын билим сапатын,сабакты өз алдынча өздөштүрүү жолдорун үйрөнүү.

5.Сабактардын предмет аралык байланышынын ыңгайлуу жолун издөө.

6.Окуучуларды шар окууга,эсепти туура чыгарууга,таза жазууга жетишүүсүн уюштуруу.

7.Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтуу.

8.Окуучуларга көрсөтмө куралдар техникалык каражаттар,ошондой эле класстан тышкары иштер менен мугалим өз алдынча иш улантат

9.Инновациялык ыкмалар менен таанышуу.

## Усулдук бирикменин максаты:

1. Жаңы технологиянын негизинде окуу сабактарын өтүүнүн сапатын жогорулатуу.
2. Бардык сабактардын түрлөрүн жогорку дэңгээлде өткөрүүнү камсыз кылуу.
3. Жаш мугалимдерди өз кесибине үйрөтүү.
4. Чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу.
5. Башталгыч класстардын окуучуларынын билим алуусуна шарт түзүү.

# Башталгыч класстар боюнча усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылынын иш мерчеми.

| № | Мазмуну | Мөөнөтү | Формасы усулу | Жоопту |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы окуу жылына усулдук бирикменин иш мерчеми. | Сентябрь | Маектешүү | УБнин жет.мүчөлөрү |
| 2 | Жаңы методикалык ыкмалар менен таанышуу | Сентябрь | Окуу прог. | УБнин жет. Завуч |
| 3 | Окуучулардын билим денгээлин байкоо ж-а мугалим ата-энелер м-н бирдикте өнүктүрүү. | Октябрь | Окуу прог. | ООБ.УБнин жет. |
| 4 | Жаш адистер м-н иштөө. | Октябрь | Окуу прог. | Насаатчы.УБ.ОББ. |
| 5 | I чейрек боюнча окуучулардын билимдерине байкоо жүргүзүү. | Ноябрь | Окуу прог. | БКМ.УБК. |
| 6 | 1-4 класстар арасында 10 күндүк декада | Ноябрь | Окуу прог. | Секциянын мүчөлөрү |
| 7 | Биринчи жарым жылдык окуучулардын билимдерин анализдөө. | Декабрь | УБнин жет. Окуу прог. | УБнин мүчөлөрү |
| 8 | Сабактарга катышуу | Февраль | УБнин жет. | УБнин жет. |
| 9 | Башт.класстар арасында окуу тездиги боюнча контролдук ишти алуу | Март | УБнин жет-си | УБнин жет. |
| 10 | Жазуу иштери б-ча контр.иштерин алуу | Март | УБнин жет.мугалиси | УБнин жет.Башт.кл.муг. |
| 11 | Жаш адистердин ишт.кароо, жакшыртуу. | Апрель | Пикирлешүү | Адм.УБнин жет. |
| 12 | УБнин ишин баалоо, жыйынтыктоо | Май | УБК.жет.Секциянын мүчөлөрү | УБнин жет.секция мүч. |

# Методикалык бирикменин мүчөлөрү:
# 2021-2022-окуу жылы

| № | Аты- жөнү | Туулган жылы | Сааты | Пед.стаж | Предм. | Билими |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Молдалиева Орозгуль Керимовна | 15.09.1963. | 15 | 33 | Башт.кл | Жогорку |
| 2 | Мамбеталиева Бурма Мырзабашиевна | 30.06.1958 | 15 | 41 | Баш.кл | жогорку |
| 3 | Ушумбаева Чынара Жумгалбековна | 16.08.1986 | 15 | 11 | Баш.кл. | Атайын орто |
| 4 | Зайнидин кызы Ноорузгүл | 21.03.1991 | 15 | 2 | Баш.кл. | Жогорку |
| 5 | Шакир кызы Чолпон | 22.03.1996 | 15 | 4 | Баш.кл. | Атайын орто |

А. Закиров атындагы орто мектеби

# *Усулдук бирикменин атайын өтүлүүчү отурумдун протоколу.*

Усулдук бирикменин жетекчиси:

Молдалиева О.К

Сентябрь

УБнин 1-отурумунун протоколу

Каралуучу маселе

1.Жаңы окуу жылы боюнча секциянын иш мерчимин бекитүү.

2.Өткөн окуу жылындагы секциянын иши боюнча ой пикирлер жана алдыдагы милдеттер.

3.Окуучуларды окуу китептери менен камсыздоо иштери.

4.Класс кабинеттерди жабдуу.Иш кагаздын толтурулушу.

1-отурумда

1.УБнин жетекчиси Молдалиева О.К сөз сүйлөп жаңы окуу жылынын иш мерчемин,көйгөйлөрүн,милдеттерин айтып тааныштырды.

2.Өткөн окуу жылындагы иш-чаралар өз убагында өтүлүп жаткандыгын белгилешет.

3.Окуучулар окуу китептери менен камсыз болушту,бирок башталгыч класстардын кээ бир окуу китептери өтө эски экендиги айтылды.

4.Башталгыч класстардын мугалими сөз сүйлөп, башталгыч класстардын кабинеттери талапка ылайык эле жабдылган, бирок дидактикалык материалдарды салууга шкафтар жетишсиз экендигин айтты.

Сентябрь айынын 1-отуруму ийгиликтүү аяктады.

Октябрь

УБнин 2-отурумунун протоколу .

Каралуучу маселе:

1.Учурдагы кырдаалга байланыштуу тазалыкты,керектүү эрежелерди сактоого тарбиялоо иштерин жүргүзүү.

2.Башталгыч класстарда билим деңгелин көтөрүү боюнча жаш мугалимдер менен иш алып баруу.

3.Райондук китепкана боюнча өтүлүүчү семинар иштерине көмөк көрсөтүү, иш жүргүзүү.

Катышуучулар – 6

1.УБнин жетекчиси: Учурдагы кырдаал ( сасык тумоо) балдар жана чоңдор арасында жүрүп жаткандыктан ,ар бир класстын жетекчи мугалими балдарга тазалыкты сактоо жана маска тагынып жүрүүсүн талап кылалы.Өзүбүз дагы керектүү эрежелерди сактайлы деп белгилешти.

2.ОББ төмөнкүлөрдү айтып белгиледи.Жаш мугалимдер насаатчыларга барып сабактарга катышып жардам алыңыздар .Насаатчылар болгон жардамыңарды аябай үйрөтүңүздөр .Ой бөлүшүүлөр болду.

3.Мектеп ичинде өтүүлүчү райондук семинарга көмөк көрсөтүлүп, семинар ийгиликтүү өтүлдү деп белгилешти.

Октябрь айынын отуруму талапка ылайык өтүлдү деп белгиленди.